КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1 чакырылышынын кезексиз 17 - сессиясы

# Т О К Т О М

**09.04.2026-ж.** **№ 22** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Тенири айыл аймагында жол жээгинен чыккан кум, таш, топурактарды төгүүгө карьерлерди аныктап берүү жөнүндө

Хан-Теңири айыл өкмөтү тарабынан "Үч чоку" долбоорунун алкагында Каракол-Эңилчек жолунун Хан-Теңири айыл аймагында жасалып жаткан жолдун тилкесинен чыккан кум, таш, топурак жана тал-теректердин чамындылары сыяктуу таштандыларды төгүү үчүн карьерлерди аныктап берүү боюнча көтөрүлгөн маселени карап жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык талкуулап, жергиликтүү кенеш **токтом кылат:**

**1.** Каракол-Эңилчек жолунун Хан-Тенири айыл аймагынын күн батыш тарабындагы чек арасынан Ичке-Жергез айылына чейинки жолдун жээгинен чыккан кум, таш, топурак 717-контурга, Ичке-Жергез-Ново-Вознесеновка айылдарынын ортосундагы жол жээгинен чыккан кум, таш, топурак 532, 531, 378, 139, 137- контурларга, Ак-Булуң айылынан Токтогул айылына чейинки жол жээгинен чыккан кум, таш, топурак 388-контурга, тал-теректердин чамындылары сыяктуу таштандыларды 141-контурга, Ак-Булуң, Ак-Булак, Токтогул айылдарынын жол жээгинен чыккан кум, таш, топурактар Ак-Булуң айылынын эски карьерин рекультивация кылууга төгүлсүн.

**2.** Каракол-Эңилчек жолунун Хан-Теңири айыл аймагында жасалып жаткан жолдун тилкесинен чыккан кум, таш, топурак жана тал-теректердин чамындылары сыяктуу таштандыларды төгүүгө байланышкан иштерди жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.

4. Токтом МККга басылып чыккан күнү Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

5. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кенештин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**